**МАТЕМАТИКА 4-класс** **ВАРИАНТ № 5**

## ТЕСТТИН ТҮЗҮЛҮШҮ:

**Тест 2 бөлүмдөн турат:**
**1-бөлүм** 1 ден 8ге чейинки тапшырмалар – сунушталган 4 варианттын ичинен бир туура жоопту тандап алуу.
**2-бөлүм** 9 жана 10 тапшырмалар – кыска жооптуу (ачык типтеги).

## 1-БӨЛҮМ

**№ 1.** Амалды аткаргыла: 900000 – 107096
а) 793904
б) 792994
в) 792904
г) 791904

**№ 2.** 8001000 – алдындагы сан кайсы?
а) 8001001
б) 8000999
в) 8009999
г) 8000900

**№ 3.** Аянты 12 см$^2$ жана периметри 26 см болгон тик бурчтуктун жактары канчага барабар?
а) 3 см жана 4 см
б) 6 см жана 2 см
в) 12 см жана 1 см
г) 10 см жана 2 см

**№ 4.** Эң чоң аянттагы фигураны тапкыла.




а) Г
б) А
в) Б
г) В

**№ 5.** Үч үйдө 164 квартира бар. Биринчи жана экинчи үйдө 111 квартира, ал эми экинчи жана үчүнчү үйдө 118 квартира. Ар бир үйдө канчадан квартира бар?
а) 42, 53, 67
б) 45, 51, 58
в) 46, 65, 53
г) 48, 65, 50

**№ 6.** Эсептегиле: 9 кг 497 г · 8 =
а) 75 кг 976 г
б) 7 кг 5976 г
в) 74 кг 976 г
г) 75 кг 974 г

**№ 7.** Балдар үйдөн мектепке чейинки жолду кадамдап санашты. Балдардын кадамынын жыйынтыктары таблицада көрсөтүлгөн.

| **Аттары** | Бермет | Акылай | Айдар | Тамара |
|---|---|---|---|---|
| **Кадамдардын саны** | 124 | 97 | 80 | 100 |

Балдардын кимисинин кадамы эң кичинекей?
а) Акылайдын
б) Айдардын
в) Тамаранын
г) Берметтин

**№ 8.** Толуктагыла: «Убакытты табыш үчүн…»
а) аралыкты ылдамдыкка көбөйтөбүз
б) аралыкты ылдамдыкка бөлөбүз
в) ылдамдыкты убакытка көбөйтөбүз
г) аралыктан ылдамдыкты кемитебиз

## 2-БӨЛҮМ

***Кийинки 2 тапшырма кыска жооптуу тапшырмалардан турат. Жообу – 0-9999га чейинки бүтүн сан. Жообу атайын берилген чакмактарга биринчиден баштап (бир чакмакка бир гана сан) жазылат. Эгерде кг, км/саат, метр, дм, грамм жана башка ушул сыяктуу белгилер чыкса, анда ал белгилер жазылбайт. Сандардын өзү гана жазылат!!!***

**№ 9.** Бир нече конфетти 2, 3, 4 төн тарелкага салса дайыма бир конфет ашып калат. Ал эми 5 тен салса ашыгы жок. Алардын саны 50 дөн аз болсо, анда канча конфет бар?

**Жообу:** ☐☐☐☐

**№ 10.** Үч сандын көбөйтүндүсү 522500 гө барабар. Биринчи сан 25, экинчи сан биринчи сандан 75 ке көп, үчүнчү сан канчага барабар?

**Жообу:** ☐☐☐☐

## ТЕСТТИН АЯГЫ

**Тестти баалоо:**
**1-бөлүмдөгү 1 ден 8 ге чейинки ар бир тапшырма 1 балл,**
**2-бөлүмдөгү 9 жана 10 тапшырмалардын ар бири 2 балл менен бааланат.**

**Жалпы: 12 балл**

| **Баллдар** | **Баасы** |
|---|---|
| 1 – 6 балл үчүн | «2» |
| 7 – 8 балл үчүн | «3» |
| 9 – 10 балл үчүн | «4» |
| 11 – 12 балл үчүн | «5» |